# Бишкекке барганда



Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

# Бишкекке барганда

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Бишкекке барганда" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева
сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай кызы

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Самолёт менен зуулдап,
Бишкекке учуп бардык.
Кучак жайып, кудуңдап,
Байкем тосту шаардык.




Кең көчөгө, үйлөргө,
Аң-таң калып баратам.
Жыйырма кабат үй экен,
Бирден өйдө санасам.



Байкем жүрдү ээрчитип,
Көп кабаттуу дүкөндө.
Таң калтырды тепкичтер,
Өйдө-ылдый түшкөндө.

Эскалатор ордунан,
Өзү жылат турбайбы.
Эс алышып кол-буттар,
Жүк көтөрбөй жыргады.




Кызык болду андан да,
Кино көрүп жатканда.
“3D” болот турбайбы,
Көз айнекти такканда.

Дельфинарий келгенде,
Шашып, бачым барганбыз.
Топ ойноп, бийлеп бергенде,
Биз дельфинге таң калдык!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- **1.2 деңгээли**
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли